***<u>Баткен облустук  мамлекеттик статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-июнь*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

---

## *Баткен-2019*

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Насиров М.Ж.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Эргешов М.Ы.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2019-жылдын январь-июнь айындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалыматтык тарамдарда, кагаз түрүндө, магнитик жана башка алып жүрүүчүлөргө таратканда, пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (Мамлекеттик статистика жөнүндө Мыйзамдын 17-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2019-жылдын 12-июлу.

***Шарттуу белгилер:***

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

## *М А З М У Н У*


| | | |
|---|---|---|
| ***I*** | ***Облустун социалдык -экономикалык абалы…………………………*** | ***4*** |
| ***II*** | ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………*** | ***5*** |
| ***III*** | ***Сектордук обзор………………………………………………………*** | ***6*** |
| | ***Реалдуу сектор………………………………………………………*** | ***6*** |
| | Өнөр жайы……………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым……………………………………………………... | 7 |
| | Транспорт жана байланыш…………………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу………………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу……………………………………………………….... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| ***IV*** | ***Мамлекеттик сектор…………….……………………………………*** | ***12*** |
| | Финансы………………………………………………………………. | 12 |
| ***V*** | ***Социалдык сектор…………………………………………………...*** | ***13*** |
| | Турак жай курулушу………………………………………………. | 13 |
| | Демографиялык жагдай……………………………………………. | 14 |
| | Калктын ооруулары…………………………………………………… | 14 |
| | ***Тиркеме……………………………………………………………….*** | ***16*** |

# *I. ОБЛУСТУН 2019- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ –ИЮНЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ*

Облустубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2019-жылдын январь-июнь айында 1359159,3 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 122,5 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2019-жылдын январь-июнь айларында 4266,4 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 100,5 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айында 1309862,6 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу баада 76,0 пайызды түздү.

2019-жылдын январь-июнь айында турак жай курулушунда жалпы аянты 29922,0 чарчы метр болгон 266 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-июнь айынын денгээлине салыштырмалуу 112,2 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 328571,6 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 670,2 миң тонна жүк ташылып, 2019-жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 100,6 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 103913,7 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,3 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2019-жылдын январь-июнь айында 7276163,5 миң сомду түзүп, 2018-жылдын январь-июнь айынын денгээлинен 3,0 пайызга жогорулаган.

2019-жылдын январь-июнь айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 6101029,1 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2018-жылдын январь-июнь айына салыштырмалуу 2,7 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-июнь айында 1175134,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда салыштырма баада 1,2 пайызга өскөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-июнь айын өткөн жылдын январь-июнь айына салыштырганда 100,3 пайызды, ал эми 2019-жылдын июнь айын май айына салыштырганда 99,7 пайызды түздү.

Облус боюнча 2019-жылдын январь-май айында бир айлык орточо эмгек акы 11084,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 1,6 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2019-жылдын январь-июнь айында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу вирустуу гепатит, гонорея, кургак учук, өткүр респиративдүү оорулардын төмөндөшү жана бактериялуу дизентария, ичегинин өткүр инфекциясы оорууларынын, жаныбарлардын тиштеп алуусунун өсүшү менен мүнөздөлдү.

## *II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР*

| | 2019 ж. январь-июнь айларында | 2019ж июнь айы 2018ж июнь айына карата пайыз менен | 2019-жылдын январь-июнь айлары 2018-жылдын январь-июнь айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 1359159,3 | 110,4 | 122,5 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 4266,4 | 98,1 | 100,5 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 1309865,6 | 80,6 | 76,0 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 29922,0 | 117,6 | 112,2 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 670,2 | 100,1 | 100,6 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 103913,7 | 102,2 | 101,3 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү- бардыгы, миң сом | 7276163,5 | 104,4 | 103,0 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 6101029,1 | 103,0 | 102,7 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 1175134,4 | 112,4 | 101,2 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 11084,7 1) | 101,2 2) | 101,6 3) |

***1) 2019ж. январь-май***
***2) 2019ж. май***
***3) 2019ж. январь-май***

## *III. СЕКТОРДУК ОБЗОР*

### Реалдуу сектор

Баткен облусунда ээлик кылуучу субьектилердин саны 2019-жылдын 1-июлуна карата 73827 бирдикти түздү, анын ичинен 5,9 пайызы юридикалык жактар, 42,4 пайызы дыйкан (фермер) чарбалары, 51,5 пайызы жеке ишкерлер, 0,2 пайызы филиалдар жана өкүлчүлүктөр.

| | Бардык катталгандары | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Бирдик | Жыйынтыкка карата пайыз менен | Ээлик кылуучу субъектилердин ичинен юридикалык жактар | Жыйынтыкка карата пайыз менен |
| ***Баткен областы*** | ***73827*** | ***100*** | ***4356*** | ***100*** |
| Баткен району | 10658 | 14,4 | 528 | 12,1 |
| Лейлек району | 30785 | 41,7 | 1057 | 24,3 |
| Кадамжай району | 13816 | 18,7 | 1216 | 27,9 |
| Баткен шаары | 6243 | 8,5 | 630 | 14,5 |
| Кызыл-Кыя шаары | 9803 | 13,3 | 631 | 14,5 |
| Сүлүктү шаары | 2522 | 3,4 | 294 | 6,7 |

Катталган юридикалык жактардын саны 2019-жылдын 1-июлуна карата 4356 субьектини түзүп, 2018-жылга салыштырмалуу 4,1 пайызга өстү.

Катталган юридикалык жактардын жалпы санынын ичинен 15,4 пайызы мамлекеттик, 8,2 пайызы муниципиалдык, 76,4 пайызы өздүк менчикке таандык.

Баткен облусунун аймагында 2019-жылдын 1-июлуна карата жеке ишкерлердин саны 37986, дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 31306 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,5 жана 1,6 пайызга өстү.

***Өнөр жайы.*** Облус боюнча 2019-жылдын январь-июнь айында 1359159,3 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 122,5 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 500584,3 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 36,8 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 451802,1 миң сомду же 33,2 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 349664,7 миң сомду же 25,8 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 57108,2 миң сомду же 4,2 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-июнь айында 451802,1 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 152,6 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айында 172478,8 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-июнь айына салыштырмалуу 158,2 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу Сүлүктү шаары 8242,4 тоннага, Кадамжай району 55661,3 тоннага көмүр көп, ал эми Баткен району 408,0 тоннага аз казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 500584,3 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 127,2 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 230718,2 миң сомду (көлөмдүн 46,1 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 35084,3 миң сомду (көлөмдүн 7,0 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 14347,9 миң сомду (көлөмдүн 2,9 пайызын), химия өндүрүшү 35356,8 миң сомду (көлөмдүн 7,1 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 113096,2 миң сомду (көлөмдүн 22,6 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 21502,0 миң сомду (4,3 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 49750,3 миң сомду (9,9 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айында өткөн жылдын январь-июнь айына салыштырмалуу 111,7 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 9,5 пайызга, жаңы бышкан нан 0,3 пайызга, таш көмүр өндүрүү 58,2 пайызга, тазартылган күрүч 6,0 пайызга, иштетилбеген мунайзат 5,7 пайызга,бышырылган керамика кирпичи 7,1 эсе, аялдардын тигилүү кийими 13,1 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 16,2 пайызга, өсүмдүк майын өндүрүү 6,4 пайызга, килемдер 7,7 пайызга, эт азыктары 20,4 пайызга, балмуздак 7,1 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 0,9 пайызга өскөн. Ал эми сымап өндүрүү 52,9 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 1,3 пайызга, кондитердик азыктар 5,3 пайызга, бут кийим тигүү 95,9 пайызга, алкоголдук ичимдиктер 76,4 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 1,0 пайызга төмөндөгөн.

*2019-жылдын январь-июнь айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 35084,3 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-июнь айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 112,6 пайызды, ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 35356,8 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 48,8 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-июнь айында 21502,0 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-июнь айына салыштырганда 2,6 эсени түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-июнь* айында 349664,7 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 98,7 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 57108,2 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 94,3 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы
(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен



***Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.*** 2019-жылдын январь-июнь айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 4266,4 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 100,5 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 11950,0 тонна эт, 45974,0 тонна сүт, 8795,0 миң даана жумуртка жана 696,0 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 2,7 пайызга, сүт өндүрүү 2,6 пайызга, жумуртка өндүрүү 1,0 пайызга, жүн өндүрүү 0,9 пайызга өскөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 1,5, Кадамжай районунда 0,6, Лейлек районунда 5,7, Баткен шаарында 1,4, Сүлүктү шаарында 0,4 пайызга өскөн. Ал эми Кызыл-Кыя шаарында өткөн жылдын деңгээлиндэ калган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 3,3, Лейлек районунда 5,1, Баткен шаарында 1,0, Сүлүктү шаарында 10,0 пайызга жогорулаган, ал эми Кадамжай районунда жана Кызыл-Кыя шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жумуртканы Баткен району 3,9 пайызга, Кадамжай району 0,5, Лейлек району 0,3, Баткен шаары 1,5, Сүлүктү шаары 0,5 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Кызыл-Кыя шаары 1,6 пайызга аз өндүргөн. Жүн өндүрүү Кадамжай районунда 0,7 пайызга, Лейлек районунда 1,6, Сүлүктү шаарында 2,4 пайызга жогорулаган, ал эми Баткен районунда, Баткен шаарында жана Кызыл-Кыя шаарында жүн өндүрүү өткөн жылдын дэңгээлинде калган.

Облус боюнча 2019- жылдын 1-июлуна карата 3154,0 тонна дан эгиндери жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 97,4 пайызды түздү. Бардык дан эгиндерди өндүрүүнү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Кадамжай району 126,9 пайызга, Лейлек району 88,6 пайызга аткарган. Анын ичинен буудай 2349,0 тонна же 101,4 пайызды, арпа 805,0 тонна же 87,3 пайызды түзгөн. Картошка 6463,3 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 127,6 пайызды, жашылча 3918,8 тонна же 108,8 пайызды, мөмө-жемиш 6150,0 тонна же 83,3 пайызды түздү.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу картошка казып алуу Кадамжай районунда 110,0 пайызга, Лейлек районунда 108,0 пайызга аткарылган. Жашылча жыйноо Баткен районунда 2,3 эсени, Кадамжай районунда 31,6 пайызды, Лейлек районунда 3,3 эсени, Баткен шаарында 2,1 эсени түздү. Мөмө-жемиш өндүрүү Баткен районунда 2,1 эсени, Кадамжай районунда 67,2 пайызды, Лейлек районунда 100,9 пайызды, Баткен шаарында 174,6 пайызды түздү.

***Капиталдык салым.*** 2019-жылдын январь-июнь айында 1309862,6 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2019-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 76,0 пайызга барабар болду. Капиталдык салымдардын төмөндөөсү Кызыл-Кыя шаарында 15,5, Кадамжай районунда 44,4, Баткен районунда 17,8 жана Лейлек районунда 19,7 пайызды түздү. Ал эми Баткен шаарында 5,0 эсеге жана Сүлүктү шаарында 2,8 эсеге өсүү болду. Каржылоонун негизги булактарын чет өлкөлүк кредит, калктын каражаттары жана чет өлкөлүк грант жана гуманитардык жардамдар түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 88,9 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




Облус боюнча 2019 жылдын I кварталында тике чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү 1448,3 миң АКШ долларын түзүп, өткөн 2018-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 46,6 пайызга төмөндөгөн. Кадамжай району боюнча 6,5 пайызга өсүү болгон. Ал эми калган район, шаарлар боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүү көлөмү 2018 жылдын тийиштүү мезгилине карата азайган.

***<u>Транспорт жана байланыш.</u>*** 2019-жылдын январь-июнь айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 670,2 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 100,6 пайызды түздү.

2019-жылдын январь-июнь айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 4794,4 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 103913,7 миң жүргүнчү-км түздү (2018-жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 101,3 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2019-жылдын январь-июнь айларында бардыгы жеке адамдардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***<u>Тейлөө рыногу.</u>*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2019-жылдын январь-июнь айында 7276163,5 миң сомду түзүп, 2018-жылдын январь-июнь айынын денгээлине салыштырмалуу 3,0 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 7094803,3 миң сом болуп 3,2 пайызга жогорулаган.

***<u>Керектөө рыногу</u>***. Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айында 5688639,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,5 пайызга жогорулаган.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 3269990,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 0,5 пайызга жогорулап, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 57,5 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-июнь айында 6101029,1 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын январь-июнь айына салыштырмалуу 2,7 пайызга жогорулаган.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-июнь айында 34460,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын деңгээлинде болду.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-июнь айында 2188766,7 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 7,9 пайызга жогорулаган.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (78,8 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь-июнь айында 4807162,6 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 4,4 пайызга жогорулаган.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айында 1242721,6 мин сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 107,1 пайызды түздү.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)



Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




***Эмгек рыногу жана эмгек акы.*** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2019-жылдын 1-июлуна карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 13342 адамды түздү, анын ичинен 11018 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 137 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2019-жылдын 1-июлуна карата 120 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 111 адам туура келди.

Облус боюнча 2019-жылдын январь-май айында бир айлык орточо эмгек акы 11084,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 1,6 пайызга өскөн. Облус боюнча 2019-жылдын май айында бир айлык орточо эмгек акы 11607,9 сом өлчөмүндө калыптанып, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 1,2 пайызга өскөн

Эмгек акы өткөн айга салыштырмалуу айыл чарбасы, балыкчылык жана токой чарбасы, тоо кен казуу өнөр жайы, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, курулуш, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, информация жана байланыш, кыймылсыз мүлк операциялары, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо, маданий көнүл ачуу жана дем алуу тармактары боюнча өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2019-жылдын май айында 160,7 долларды түздү.

2019-жылдын 1-июлуна карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 16956,5 миң сом болду.

Эмгек акыны төлөө карызынын 83,9 пайызын Кадамжай району, 16,1 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны

(адам)




***<u>Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.</u>*** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 90,8 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 99,4 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 80,9 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2019 жылдын январь-июнь айында өткөн жылдын январь-июнь айына салыштырмалуу 100,5 пайызды түздү. Ал эми 2019 жылдын июнь айы өткөн жылдын июнь айына салыштырмалуу 100,9 пайызды түздү.

***<u>Баалардын жана тарифтердин индекси.</u>*** Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-июнь айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 100,3 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын июнь айын май айына салыштырганда 99,7 пайызды түздү.

Ушул жылдын июнь айында өткөн айга салыштырмалуу жумуртка 0,1 пайызга кымбаттаган. Ал эми 1-сорт ун 1,5 пайызга, сүт 5,8 пайызга төмөндөгөн. Жогорку сорт ун, нан, макарон азыктары, койдун эти, уйдун эти, күн карама майы өз ордунда калган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***

(өткөн айга карата пайыз менен)

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азык-тары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумурт-ка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,1 | 100,0 |
| февраль | 100,1 | 101,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 96,8 | 100,0 |
| март | 100,7 | 108,6 | 100,0 | 100,0 | 102,2 | 100,0 | 100,0 | 84,7 | 100,0 |
| апрель | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 94,2 | 100,0 |
| май | 100,0 | 99,8 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,4 | 107,0 | 100,0 |
| июнь | 100,0 | 98,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 94,2 | 100,1 | 100,0 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу картошка 6,2 пайызга, алма 101,4 пайызга кымбаттаган. Ал эми пияз 10,7 пайызга, сабиз 10,8 пайызга төмөндөп, кургатылган өрүк, грек жаңгагы өз ордунда калган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***
*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 102,1 | 99,9 | 100,1 | 119,0 | 91,9 | 100,0 |
| февраль | 76,7 | 98,1 | 101,3 | 97,2 | 96,1 | 100,0 |
| март | 101,8 | 76,5 | 119,8 | 94,1 | 100,0 | 100,0 |
| апрель | 118,2 | 103,0 | 105,7 | 100,5 | 86,6 | 100,0 |
| май | 157,6 | 152,4 | 127,1 | 81,4 | 100,0 | 103,5 |
| июнь | 89,3 | 106,2 | 89,2 | 201,4 | 100,0 | 100,0 |

***Июнь*** айында өткөн май айына салыштырмалуу азык-түлүк эмес товарлар дын баасынан, кийимдер 0,2 пайызга, кийим тигүү үчүн материалдар 0,3 пайызга, катуу отун 0,9 пайызга, бензин 1,1 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 1,2 пайызга, азык түлүк эмэс товарлар 0,1 прайызга, фармацевтикалык продукциялар 2,2 пайызга кымбаттаган. Ал эми бут кийимдер 0,8 турак жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдарь 0,8 пайызга төмөндөп, суу менен камсыз кылуу (муздак суу), газеталар жана мезгилдүү басылмалар, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника өз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***
(пайыз менен)

| | 2019ж июнь 2018ж июнуна карата | 2019ж январь-июнь 2018ж январь-июнуна карата | 2019ж июнь 2019ж майына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 97,6 | 95,7 | 100,2 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 98,8 | 101,5 | 100,3 |
| Бут кийим | 98,2 | 98,5 | 99,2 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 101,7 | 99,4 | 99,2 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 102,8 | 101,4 | 100,9 |
| Бензин | 92,0 | 95,4 | 101,1 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 93,2 | 96,5 | 101,2 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 97,7 | 96,2 | 100,0 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 102,9 | 99,7 | 102,2 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 107,7 | 107,7 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 99,3 | 98,6 | 100,1 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын май айында маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлр 0,3 пайызга өскөн. Ал эми жүргүнчү транспортунун тейлөөсү, байланыш тейлөөсү, амбулаториялык тейлөөсү, билим берүү тейлөөсү, мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөсү, чач тарач тейлөөсү, укуктук мүнөздөгү тейлөөсү өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2019ж июнь 2018ж июнуна карата | 2019ж январь-июнь 2018ж январь-июнуна карата | 2019ж июнь 2019ж майына карата |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 96,9 | 95,58 | 100,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 98,9 | 102,2 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлр | 103,1 | 103,0 | 100,3 |
| Билим берүү тейлөөсү | 101,3 | 101,3 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 96,8 | 98,4 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөолөрү | 98,1 | 98,1 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөр | 100,0 | 98,4 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




## ***Мамлекеттик сектор***

***<u>Финансы.</u>*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2019-жылдын январь-май айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 436,2 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 106,1 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 430,4 млн. сомду түзүп, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 19,4 пайызга азайган, ал эми чыгашалар 8,5 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2019-жылдын январь-май айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2019-жылдын январь-май айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 214,1 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 18,6 пайызга өскөн. Патенттин негизиндеги салык 7,7 пайызга, жер салыгы 30,5 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 16,1 пайызга, киреше жана пайда салыгы 27,4 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 38,1 пайызга пайызга өскөн. Ал эми соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн түшкөн салык 8,2 пайызга, товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 3,8 пайызга, бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 1,8 пайызга жана кыймылсыз мүлк салыгы 6,6 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2018-жылдын январь-май айларында жалпы кирешенин 23,3 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2019-жылдын январь-май айларында 22,5 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн товарларды сатуудан жана тейлөө көрсөтүүдөн түшкөн киреше түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 51,3 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 28,4 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 8,1 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2019-жылдын январь-май айларында 292,5 млн. сомду түзүп, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 6,8 пайызга өскөн. Чыгашалардын 38,7 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 46,3 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 23,3 пайызы билим берүү тармагына (68,2 млн. сом) жумшалган.

## Социалдык сектор

***Турак жай.*** 2019-жылдын январь-июнь айында турак жай курулушунда жалпы аянты 29922,0 чарчы метр болгон 266 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-июнь айынын денгээлине салыштырмалуу 112,2 пайызды түздү.

Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 328571,6 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***Демографиялык жагдай.*** 2019-жылдын январь-май айында Баткен облусу боюнча 6379 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 221 балага көп), же калктын 1000 не 29,0 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 957 адам өлгөн (2018-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 47 адамга азайган), же калктын 1000 не алганда 4,4 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 5422 адамды, же 1000 кишиге 24,6 түздү.

2019-жылдын январь-май айында 91 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 14,3 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 33 балага көбөйгөн.




***Калктын оорулары***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиолимит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2019-жылдын январь-июнь айларында облуста гепатит оорусу менен 343 адам ооруп, өткөн жылга карата 55

оорулууга азайган, ал эми анын ичинен гепатиттин В түрү менен 19 оорулуу катталып, өткөн жылдын деңгээлинен 9, ичегинин өткүр инфекциясы 151, бактериялуу дизентерия 5 оорулууга өскөн.

*Паразитардык оорулардын* саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу сифилис 1 оорулууга, педикулез ооруусу 15ке, бруцеллез ооруусу 5ке жана жаныбарлардын тиштеп алуусу 168ге, котур ооруусу 2ге, ВИЧ инфекциясы 3кө өскөн. Ал эми гонорея 2ге азайган.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 10097 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1092 оорулууга, кургак учук менен ооруган 164 адам катталып, 42 оорулууга азайган. Кургак учук менен ооругандардын саны өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу Баткен районунда 17ге, Лейлек районунда 26га, Кызыл-Кыя шаарында 4кө төмөндөгөн. Ал эми Кадамжай районунда 3кө, Сүлүктү шаарында 2ге көбөйгөн.

***Облмамстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***М. Насиров***

| | | беті |
|---|---|---|
| | Реалдуу сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 17 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү………...........................……….............. | 18 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү…….............................................…….............. | 18 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ……………………………… | 19 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……………….……………………………… | 20 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..………………………….. | 20 |
| 7 | Аймактар боюнча 2019-жылдын 1-июлуна карата эгиндерди жыйноонун жүрүшү.................. | 21 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 22 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү……………………………….………….. | 22 |
| 10 | Облус боюнча чет өлкөлүк тике инвестициялар........................................................................................... | 24 |
| 11 | Подрядтык курулуш жана монтаждоо жумуштары........................................................................................ | 24 |
| 12 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык иштердин көлөмү…………………………… | 24 |
| 13 | Турак жай курулушунун аткарылышы........……………..................................................……….............. | 25 |
| 14 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши ……………………………………………… | 25 |
| | Транспорт | |
| 15 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………...………………………… | 26 |
| 16 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү … | 26 |
| | Соода жана тейлөө | |
| | Тейлөө рыногу | |
| 17 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………….. | 27 |
| 18 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…...............……….......... | 27 |
| 19 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү…………………………………………………… | 28 |
| 20 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү………………………………………… | 28 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.... | 29 |
| 22 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо | 29 |
| 23 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча)................................................................................................................................ | 30 |
| 24 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 30 |
| 25 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча) | 31 |
| 26 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 31 |
| 27 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)……………………….. | 31 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 28 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары………… | 32 |
| 29 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары-май…………… | 33 |
| 30 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-май...… | 33 |
| 31 | Калкты иш менен камсыз кылуу…………………………………………………………………………….. | 34 |
| 32 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны…………….………………………………………………… | 34 |
| 33 | Жаңы жумуш орундарын түзүү....................................................................................................................... | 34 |
| | Финансы | |
| 34 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| 35 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| 36 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 36 |
| 37 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 36 |
| | Социалдык сектор | |
| 38 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү……………………..…………………………………….. | 37 |
| 39 | Калктын төрөлүү, өлүү жана табигый өсүүсү боюнча катышы…………………………………………… | 37 |
| 40 | Жаш балдардын өлүмү……………………………………………………………………………………… | 37 |
| 41 | Облус боюннча жаш балдардын өлүмүнүн катышы….… …..…………………………………………. | 37 |
| 42 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны…….……………………………………………………… | 38 |
| 43 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы………..……………………………………………… | 38 |
| 44 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………………… | 38 |

## *Реалдык сектор*

Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-июнь

( миң сом)

| | 2018 | 2019 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***1132874,1*** | ***1359159,3*** | ***122,5*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***277079,6*** | ***451802,1*** | ***152,6*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 175031,9 | 338917,5 | 158,2 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 97163,1 | 107573,6 | 105,7 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 4884,6 | 5311,0 | 95,9 |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***473410,6*** | ***500584,3*** | ***127,2*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 242705,6 | 230718,2 | 111,7 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 239887,3 | 230718,2 | 113,3 |
| -тамеки өндүрүү | 2818,3 | - | - |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 21552,2 | 35084,3 | 112,6 |
| -текстил өндүрүшү | 1342,2 | 1640,4 | 107,6 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 18869,4 | 33229,7 | 114,7 |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 1340,6 | 214,2 | 101,8 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 17025,7 | 14347,9 | 98,8 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 16781,7 | 13976,9 | 98,8 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 244,0 | 371,0 | 77,4 |
| 4. Химия өндүрүшү | 28775,9 | 35356,8 | 48,8 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 99386,9 | 113096,2 | 168,0 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 19595,8 | 21502,0 | 263,0 |
| 7. Электр жабдууларды өндүрүү | - | 728,6 | - |
| 8. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 44368,5 | 49750,3 | 110,5 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***348498,6*** | ***349664,7*** | ***98,7*** |
| ***1V. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.*** | ***33885,3*** | ***57108,2*** | ***94,3*** |

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү
Январь-июнь (миң сом)

| | 2018 | 2019 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***1132874,1*** | ***1359159,3*** | ***110,4*** | ***122,5*** |
| Электр энергиясыз райондор: | 784375,5 | 1009494,6 | 112,7 | 130,7 |
| Баткен | 49478,0 | 52390,7 | 96,9 | 95,6 |
| Кадамжай | 196581,3 | 348172,2 | 106,8 | 105,3 |
| Лейлек | 169581,0 | 180451,8 | 100,4 | 102,4 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 375590,3 | 382967,9 | 101,7 | 100,0 |
| Электр энергиясыз | 27091,7 | 33303,2 | 113,4 | 106,9 |
| Кызыл-Кыя | 146259,2 | 174473,7 | 86,9 | 96,3 |
| Сүлүктү | 195384,3 | 220703,0 | 108,6 | 111,6 |

Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү

| | Өлчөө бирдиги | 2018 | 2019 | 2019ж. январь-июнь- айы 2018ж. январь-июнь айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь-июнь | | |
| Таш көмүр | тонна | 109043,1 | 172478,8 | 158,2 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 627,3 | 4466,0 | 711,9 |
| Бут кийим | жуп | 13854,0 | 564,0 | 4,1 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 400,8 | 482,5 | 120,4 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | - | 293,0 | - |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 2546,5 | 2522,3 | 99,0 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 51,0 | 55,0 | 106,4 |
| Жаңы бышкан нан | тонна | 4499,2 | 4512,6 | 100,3 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 33872,5 | 37103,5 | 109,5 |
| Сурьма металы кошулма | % | - | - | - |
| Сымап | % | | | 47,1 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 2276,6 | 2296,9 | 100,9 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 464,8 | 492,6 | 106,0 |
| Кондитер азыктары | тонна | 300,3 | 284,5 | 94,7 |
| Килемдер | даана | 181,0 | 195,0 | 107,7 |
| Алкоголдук ичимдиктер | миң литр | 279,6 | 66,0 | 23,6 |
| Балмуздак | тонна | 33,9 | 36,3 | 107,1 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 13729,0 | 15956,0 | 116,2 |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 12658,0 | 14320,0 | 113,1 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 5,3 | 5,6 | 105,7 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 148617,5 | 146665,3 | 98,7 |

Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү
2019 жылдын январь-июнь

| | 2018 | 2019 | 2019 % менен 2018 | 2018 | 2019 | 2019 % менен 2018 | 2018 | 2019 | 2019 % менен 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Таш көмүр, тонна*** | | | ***Бышырылган кирпич, миң даана*** | | | ***Эт жана эт азыктары, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***109043,1*** | ***172478,8*** | ***158,2*** | ***627,3*** | ***4466,0*** | ***711,9*** | ***400,8*** | ***482,5*** | ***120,4*** |
| районлор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 4708,0 | 4300,0 | 91,3 | - | 2140,0 | - | 15,0 | 31,5 | 210,0 |
| Кадамжай | - | 55661,3 | - | 555,0 | 1412,0 | 254,4 | - | 63,0 | - |
| Лейлек | - | - | - | 31,3 | 35,0 | 111,8 | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 60,0 | 62,0 | 103,3 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 325,8 | 326,0 | 100,1 |
| Сүлүктү | 104335,1 | 112577,5 | 107,8 | 41,0 | 879,0 | 21,4 эсе | - | - | - |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Жаңы бышкан нан, тонна*** | | | ***Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***4499,2*** | ***4512,6*** | ***100,3*** | ***2546,5*** | ***2522,3*** | ***99,0*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 244,5 | 248,5 | 101,6 | 1810,0 | 1785,8 | 98,7 |
| Кадамжай | 17771,9 | 1786,2 | 100,8 | 592,5 | 592,5 | 100,0 |
| Лейлек | 397,7 | 402,2 | 101,1 | 144,0 | 144,0 | 100,0 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 318,0 | 328,0 | 103,1 | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | 1467,1 | 1447,7 | 98,7 | - | - | - |
| Сүлүктү | 300,0 | 300,0 | 100,0 | - | - | - |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Кондитер азыктары, тонна*** | | | ***Өсүмдүк майы, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***300,3*** | ***284,5*** | ***94,7*** | ***51,0*** | ***55,0*** | ***106,4*** |
| райондор: | | | | | | |
